**“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата корутунду**

“Кыргыз Республикасынын 2024-жылга республикалык бюджети жана 2025-2026-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбооруна карата Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын корутундусу (мындан ары – Корутунду) “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 6-беренесине жана “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 72-беренесине ылайык даярдалды.

**Бюджеттик процесстин календардык планынын сакталышы**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине ылайык, бюджеттик календарь кезектеги бюджеттик жылдын алдындагы жылдын 1-февралынан кечиктирилбестен бекитилет.

2024-жылга бюджеттик календарь Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 29-январындагы № 16-т тескемеси менен бекитилген, төмөндөгү бөлүктөрдө анын шарттары сакталган эмес:

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №454 “2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн болжолу жөнүндө” токтому 2023-жылдын 8-сентябрында кабыл алынган, бирок, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-январындагы №26-т тескемесинин (мындан ары – тескеме) 1-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлиги 2023-жылдын 31-мартына чейинки мөөнөттө 2024-2028-жылдарга Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү болжолун Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине жөнөтүү тапшырылган.

2. Төмөндөгүлөр тарабынан 2023-жылдын 10-апрелине чейинки мөөнөттө 2023-2025-жылдарга такталган кирешелерди берүү бузулган:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы тарабынан 2023-жылдын 29-майында чыг. №25-01-8/4703 тиешелүү маалымат берилген;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы тарабынан 2023-жылдын 25-майында чыг. №09-1-10/3487 тиешелүү маалымат берилген;
- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду тарабынан 2023-жылдын 23-майында №02-2/1031 менен тиешелүү маалымат берилген.



3. 2023-жылдын 5-майына чейинки мөөнөттө берүү менен, Бюджеттик чыгымдардын сектордук стратегияларынын долбоорлору министрликтер жана ведомстволор тарабынан 2023-жылдын 26-майында берилген (Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илими министрлиги – 30-майда, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги – 30-июнунда).

4. 2024-2028-жылдарга фискалдык саясаттын негизги багыттарынын долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин фискалдык жана инвестициялык саясат боюнча Кеңешинин кароосуна 2023-жылдын 1-сентябрындагы чыг. №09-3/10925 менен чыгарылган, берүү мөөнөтү – 2023-жылдын 1-июнуна чейин, же 92 күнгө кечигүү менен.

**Республикалык бюджеттин ресурстарынын түзүлүшүнүн толуктугу**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси менен республикалык бюджеттин кирешелеринин курамына расмий трансферттерди киргизүүдө (18-берененин 4-пункуту, 47-берененин 32-пункуту, 106-берененин 5-пункту), кирешелерге 14 долбоор боюнча 814,0 млн сом, 27,9 миң доллар жана 4,0 млн евро суммасындагы эл аралык гранттык жана техникалык жардамдардын келип түшүүлөрү киргизилген эмес.

2 298,1 млн сом, 7 893,67 миң евро, 508,39 миң АКШ доллары өлчөмүндөгү кайтарылуучу каражаттар (Утурлама фонддор, 10 донордун 26 долбоору жана 1 программа) боюнча фонддордун каражаттарынын калдыктары казыналыктын тутумунан сырткары эсепке алынган ресурс катары, Бирдиктүү казыналык эсепке токтоосуз чегерилүүгө тийиш бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 106-беренесинин 5-пункутун аткаруу талап кылынат.

2024-жылы өнөр жайдын 3,9%га макроэкономикалык келечектүү өсүүсү менен, иштеп жаткан өнөр жай ишканаларынын туруктуу ишинин, туруп калган өндүрүштөрдүн кайра улантылышынын, “Кумтөр Голд Компани” ЖАКын камтуу менен, кендерди иштетүү боюнча ишканалардын туруктуу ишин камсыз кылуу эсебинен, киреше бөлүгүнө 2022-жылдагы факты жүзүндөгү келип түшүүлөргө салыштырмалуу, Кумтөр дүң кирешесинин келип түшүүлөрүнүн 14,5 млрд сомго азаюусу болжолдонууда.

Салыктардын толук кандуу болжолдонбошуна, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 3-беренесин аткаруу таасирин тийгизген, ага ылайык, эгерде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү же Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан түзүлгөн макулдашуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланса же макулдашуу Жогорку Кеңеш ратификациялаган макулдашууну аткаруу үчүн Жогорку Кеңештин тапшырмасы боюнча түзүлсө, же болбосо Жогорку

Кеңештин тапшырмасы боюнча түзүлгөн мындай макулдашуу кийин аны аткарууну улантуу максатында Министрлер Кабинети тарабынан өзгөртүлсө, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында каралгандан башка ченемдерди белгилесе, анда мындай макулдашуу менен жөнгө салынган салык мамилелерине ушул Макулдашуунун ченемдери колдонулат.

Бул ченемди ишке ашыруу өтө эле кыйындай көрүнөт, анткени, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 2-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдары төмөнкүдөй ченемдик укуктук актылардан турат: Салык кодексинен; ушул Кодекстин негизинде кабыл алынган ченемдик укуктук актылардан (мындан ары - Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын актылары).

Көрсөтүлгөн ченемден улам, Кыргыз Республикасы салык мыйзамдары менен каралгандарга караганда башка ченемдер, салык мамилелерин жөнгө салууга негиз жана Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын булактары боло албайт деп, жыйынтык чыгарса болот.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 5-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдары салык салуунун мыйзамдуулугу, салык салуунун милдеттүүлүгү, салык тутумунун бирдиктүүлүгү принциптерине негизделет, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 3-беренесинин 2-бөлүгү салык тутумунан "обочолонуп турат", анткени, Кыргыз Республикасы салык мыйзамдары менен каралгандарга караганда ушул башка ченемдер аныктайт.

Башкача айтканда, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 2-беренесинин мазмунун тактоо, анда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын шарттарын көрсөтүү жолу менен салык мыйзамдарынын жоболорун шайкеш келтирүү зарылчылыгы бар.

Колдонуудагы салык мыйзамы менен каралган, 60,2 млрд сомго чейин салыктык жеңилдиктердин жана бошотуулардын өсүүсү, натыйжалуулукка тезинен баалоо жүргүзүүнү жана натыйжасыз салыктык жеңилдиктерди жана алардын даректүүлүгүн камсыздоону алып салуу боюнча сунуштарды киргизүүнү катуу талап кылат.

Кыргыз Республикасынын алыскы чет өлкөлөр менен өз ара соодасы боюнча салыштыруу статистикасындагы ажырымды этап-этабы менен кыскартуу чаралары талап кылынат.

**Республикалык бюджеттин чыгымдарынын түзүлүшү**

Республикалык бюджетти (кезектеги бюджет, атайын каражаттар жана МИ) функционалдык классификациялоо боюнча чыгымдарга 365927,2 млн сом каралган, бул болсо, 2023-жылга караганда 48872,6 млн сомго көп жана 2022-жылга караганда 79655,8 млн сомго көп.



(млн сом)

| Бөлүмдөн аталышы | 2022-жыл, кезектеги бюджет, факт | 2023-жыл, кезектеги бюджет, бекитилген | Четтөө 2023-2022-жж. | 2024-жыл, долбоор, кезектеги бюджет | Четтөө 2024-2023-жж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Жалпы багыттагы мамлекеттик кызмат | 104230,4 | 113532,2 | 9301,8 | 114643,7 | 1111,5 |
| Экономикалык маселелер | 50380,1 | 71105,1 | 20725,0 | 109772,9 | 38667,8 |
| Курчап турган чөйрөнү коргоо | 979,3 | 947,6 | -31,7 | 1545,3 | 597,7 |
| Турак жай жана коммуналдык кызматтар | 4859,8 | 1583,4 | -3276,4 | 1777,5 | 194,1 |
| Саламаттык сактоо | 4303,7 | 5514,1 | 1210,4 | 6011,0 | 496,9 |
| Эс алуу, маданият жана дин | 5072,0 | 5664,6 | 592,6 | 7123,6 | 1459,0 |
| Билим берүү | 52173,4 | 54862,9 | 2689,5 | 57098,1 | 2235,1 |
| Социалдык коргоо | 17990,7 | 19914,2 | 1923,5 | 22565,5 | 2651,3 |
| **Бардыгы** | **286271,4** | **317054,6** | **30783,2** | **365927,2** | **48872,6** |

Чыгымдардын жогорку деңгээли "Жалпы багыттагы мамлекеттик кызмат" бөлүмүнө каралган - 114 643,7 млн сом же 31,3 %, "Экономикалык маселелер" - 109 772,9 млн сом (30,0 %), "Билим берүү" - 57 098,1 млн сом (15,6 %), "Социалдык коргоо" - 22565,5 млн сом (6,2 %) жана калган бөлүмдөргө – 16,9 %.

Чыгымдардын олуттуу өсүүсү "Экономикалык маселелер" бөлүмү боюнча каралган - 38667,8 млн сом, бул болсо, бардык чыгымдарды көбөйтүүдөн 79,2 %ды түзгөн. "Билим берүү" чыгымдары 2235,1 млн. сомго көбөйтүлгөн, "Социалдык коргоо" - 2651,3 млн сом, "Саламаттык сактоо" - 496,9 млн сом, бул жалпысынан чыгымдарды көбөйтүүдөн 11,0 %ды түзөт.

2024-жылга республикалык бюджеттеги ведомстволук классификациялоо боюнча чыгымдар, 88 бюджет алуучуларга 448125,2 млн сом көлөмүндө коюлган, анын ичинен, кезектеги бюджет – 365927,2 млн сом, атайын каражаттар – 20859,4 млн. сом жана мамлекеттик инвестициялар – 61338,6 млн сом.

Бир кыйла бөлүнгөн акча каражаттары мамлекеттик программаларга, иш-чараларга жана төлөмдөргө каралган – 206444,3 млн сом же кезектеги чыгымдарга карата 56,4 %, кийинки "салмак категориясы" менен, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине чыгымдар эсептелет - 52737,7 млн сом (14,4 %), Кыргыз Республикасынын эмгек,

социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги – 20201,2 млн сом (5,5 %) ж.б.у.с.

Эмгек акыны экономикалык классификациялоо боюнча 120530,1 млн сом же бюджеттин жалпы чыгымдарына карата 33,6 % каралууда, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу – 24427,9 млн сом (6,8 %), мамлекеттик карыз боюнча пайыздарды төлөө – 19771,0 млн сом (5,5 %), гранттар жана төгүмдөр – 79821,4 млн сом (22,2 %), социалдык төлөмдөр жана жөлөк пулдар – 20774,7 млн сом (5,8 %), жана башка чыгымдар – 11883,3 млн сом (3,3 %) ж.б.у.с.

**Финансы-кредиттик уюмдар алдында экономикалык иш субъекттери алган милдеттенмелерге байланыштуу, мамлекеттин кошумча тобокелдиктери**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-июнундагы №326 токтому менен, Улуттук экономиканын субъекттерине кепилдик берүү тартиби бекитилген. 2023-жылдын 1-октябрындагы абал боюнча 364,7 млн сом, 173,0 млн юань, 168,0 млн доллар жана 3,5 млн евро суммасында 10 кепилдик келишимине кол коюлган. Кепилдик берүү натыйжасында, финансы-кредиттик уюмдар алдында мамлекеттин милдеттенмелер тобокелдиги пайда болгон, чыгымдар бөлүгүндө аны төлөөгө 1200,0 млн сом каралган.

**Жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча каражаттарынын жетиштүүлүгү**

Мыйзам долбоорунда Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110-беренеси менен каралган 7174,0 млн сомду түзүүчү "бир айлык эмгек акы төлөө фондунун көлөмүнүн чектеринде" шарты менен, жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча каражаттары 1000,0 млн сом өлчөмүндө каралган, же 6174,0 млн сомго көбөйтүү мүмкүнчүлүгү бар.

Жогоруда жазылгандарды эске алуу менен, төмөндөгүлөр аткарылышы мүмкүн:

1. Төмөндөгүлөрдүн эсебинен киреше бөлүгүн 79000,0 млн сомго этап менен жогорулатуу:

- өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр менен түзүлгөн эл аралык макулдашуулардын шарттарына ылайык, жалпы 3000,0 млн сом суммасында утурлама фонддордун каражаттарын киргизүү;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 19-июнундагы № 389 "Кыргыз Республикасында эл аралык гранттык жана техникалык жардамдарды тартуу жана пайдалануу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомун толук кандуу ишке ашыруу жана Кыргыз



Республикасына эл аралык гранттык жат техникалык жардамдардын келип түшүүсү боюнча координациялоону күчөтүү үчүн, бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга бардык финансылык булактарды топтоо;

- Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 2-беренесинин мазмунун тактоо, анда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдердин жана макулдашуулардын шарттарын көрсөтүү жолу менен салык мыйзамдарынын жоболорун шайкеш келтирүү;

- Кыргыз Республикасынын алыскы чет өлкөлөр менен өз ара соодасы боюнча салыштыруу статистикасындагы ажырымды этап-этабы менен кыскартуу;

- колдонуудагы салык мыйзамы менен каралган 10000,0 млн сом натыйжасыз салыктык жеңилдиктерди жана бошотууларды алып салуу.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-декабрындагы № 703 токтому менен бекитилген, 2026-жылга чейинки мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө системасын 2026-жылга чейинки мезгилде өркүндөтүү концепциясын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планына ылайык, минималдуу базалык коюмду жыл сайын индексациялоо бөлүгүндө, бюджеттик чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттарын жакшыртуу боюнча чараларды көрүү.

3. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-июнундагы №326 "Улуттук экономиканын субъекттерине кепилдик берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомун аткаруу менен байланыштуу, финансылык-кредиттик уюмдар алдында экономикалык иш субъекттеринин милдеттенмелерин тейлөө боюнча тобокелдиктерди минималдаштыруу.

4. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 110-беренесин аткаруу менен, жүгүртүлүүчү кассалык накталай акча каражаттарынын жетиштүү деңгээлин камсыздоо үчүн, бюджеттик жылдын башында бош калдыктардын эсебинен каражаттарды этап менен топтоо.

5. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын корутундусун эске алуу менен, 2024-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин тартыштыгынын өлчөмүн оңдоо.

**Аудитор** **З.А. Сатаев**